КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
МАНАС
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МАНАССКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

I чакырылыштын 3- (кезектүү) сессия

# ТОКТОМ №4

**03.02.2025- ж.** **Манас айылы**

**«Жүргүнчүлөрдү ташууга тарифти бекитүү жөнүндө»**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин 12- пунктуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 19-июлундагы "Автомобиль транспорту жөнүндө " №154- Мыйзамынын 11-беренесинин 2-пунктуна ылайык, Манас айылдык кеңешинин 2025-жылдын 31-январындагы №1 протоколунун негизинде, жүргүнчүлөр транспортунун туруктуу иштөөсүн, тургундарды үзгүлтүксүз ташууну камсыз кылуу максатында Манас айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-жылдын 3-февралынан баштап №357 , №340 маршруттук каттамдарында жүрүү үчүн, жүргүнчүлөрдү ташууга баалары тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Манас айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Э. Мусурманкуловго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Атабаев**

Тиркеме
Манас айылдык Кенешинин
№4- Токтому
03.02.2025-жыл

**Коомдук транспортто жүргүнчүлөрдүү ташуу үчүн бекитилген баалар**

1. **№357- маршруттук каттамдын баалары**
   - Фрунзе айылынан Военно-Антоновкага чейин 15 сом
   - Фрунзе айылынан Бишкеке чейин 35 сом

   - Озерное айылынан Фрунзе айылына чейин 15 сом
   - Озерное айылынан Военно-Антоновкага чейин 20 сом
   - Озерное айылынан Бишкекке чейин 40 сом

2. **№340 – маршруттук каттамдын баалары**
   - Студент айылынан Фрунзе айылына чейин 20 сом
   - Студент айылынан Военно-Антоновка айылына чейин 35 сом
   - Студент айылынан Бишкекке чейин 40 сом

   - Фрунзе айылынан – Бишкекке чейин 35 сом
   - Фрунзе Военно- Антоновкага чейин 15 сом

Жеңилдетилген жол жүрүү укугун белгилеңиз. Коомдук жүргүнчүлөр транспортунда жеңилдетилген жол жүрүү үчүн негиз болуп жеңилдетилген жол менен жүрүүгө укугу бар жарандардын категорияларына таандык экендигин тастыктаган, белгиленген үлгүдөгү документтер жана жеңилдиктин ээсинин аты жазылган карточкасы болгон учурда эсептелет